УДК:370.20

**Иманакунова К. Ш.**
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
*И.Арабаев атындагы КМУ*

## КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КОЛДОНУУ МАКСАТТАРЫ

**Иманакунова К. Ш.**
Кандидат педагогических наук, доцент
*КГУ имени И.Арабаева*

## ЦЕЛИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

**Imanakunova K. Sh.**
Candidate of Pedagogical Sciences
*I.Arabaev Kyrgyz State University*

## OBJECTIVES OF USING KYRGYZ PROVERBS IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS

**Аннотация.** Макалада макалдын табияты, өзгөчөлүгү, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан соңку талаптарга ылайык кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуу максаттары, кыргыз макалын орто мектепте окулуучу кыргыз тили сабагынын мазмуну катары кароо зарылдыгы, макалдар кыргыз тилин окутуунун ийкемдүү каражаты экени жана макалдарды белгилүү бир информацияны туюндурган көркөм текст катары сабакта колдонсо болору тууралуу илимий маалыматтар берилди.

**Негизги сөздөр:** кыргыз макалы, кыргыз тили сабагы, кыргыз тилин окутуу талаптары, сабактын мазмуну, макалдарды сабакта колдонуу максаттары, окутуунун ийкемдүү каражаты, көркөм текст, илимий маалыматтар ж.б.

**Аннотация.** Статье посвящена вопросам, связанным с природой, особенностями, а также с целями использования кыргызских пословиц на уроках кыргызского языка в соответствии с современными требованиям, к числу которых следует отнести важность рассмотрения пословиц в качестве содержания урока кыргызского языка. Помимо этого, пословицы рассмотрены в качестве выразительных иллюстративных средств, представляющих собой полноценные по содержанию художественные тексты.

**Ключевые слова:** кыргызская пословица, урок кыргызского языка, требования к обучению кыргызскому языку, содержание урока, цели использования пословиц на уроках, выразительные средства обучения, художественный текст, научная информация.

**Abstract.**The article is devoted to issues related to the nature, characteristics, and objectives of using Kyrgyz proverbs in Kyrgyz language lessons in accordance with modern requirements, which include the importance of considering proverbs as part of the Kyrgyz language lesson content. Additionally, proverbs are examined as expressive illustrative tools that represent complete artistic texts in terms of content.

**Keywords**: Kyrgyz proverb, Kyrgyz language lesson, requirements for teaching Kyrgyz language, lesson content, objectives of using proverbs in lessons, expressive teaching tools, literary text, scientific information.

Кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуу бир нече максаттарды көздөйт. Аталган маселени ар кырынан иликтеп түшүнүү үчүн макалдар тууралуу түшүнүк так болушу керек. Макалдын табиятын толук түшүнүп, билүү үчүн аларга берилген түшүндүрмөлөргө, талдоолорго, аныктамаларга кайрылуу зарыл. Кыргыз тили мугалими макал тууралуу көбүрөөк маалыматтарды билиши – зарылчылык. Ошондуктан макал тууралуу бир нече аныктама-түшүндүрмөлөргө көңүл бөлөлү.

«Коомчулуктун чар тарабын кучагына алып, турмуштук бай тажрыйбаларды негиз кылып, кубулуштар менен окуяларды, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган, көп кырдуу каймана маанилерди туюндурган, жакшы сапаттарды даңазалаган, жаман

сапаттарды маскаралаган, калыстык менен чындыктын үлгүсү, турмуштун элдик эрежеси, акыл-насааттын кенчи болгон, эстөөгө жеңил, айтууга элпек, көпчүлүгү ыр түрүндө ар кандай уйкаштыктарда жогорку көркөмдүктө, белгилүү бир ойду жалпылаштыра баяндап, талкуулап, салыштырып келип, бүкүлү жана келки түрдө жыйынтык (корутунду, тыянак) чыгарып, кыска, таамай айтылган, калк арасында кеңири таркаган, элдик оозеки чыгарманын бир бөлүгү болгон туруктуу айкалыштарды макалдар дейбиз» [1., 6-7]. Бул аныктамада макалдын табияты кыйла кенен ачылып көрсөтүлгөн деп эсептейбиз. Ошол эле учурда аныктамада айтылгандай, макал «туруктуу айкалыш» эмес, ал сүйлөм, болгондо да даяр түрүндө, эч өзгөрүүсүз ошол тутумунда колдонуулучу сүйлөм экендигин эскертебиз.

«Макал (ар.) 1. сөз, кеп. 2. Акыл-насаат берүүчү кыска, таасын сүйлөмдөр» [2., -27].

«Макал – тээ байыркы ата-бабадан берки келаткан курч, уккулуктуу, таасын, учкул, таасирдүү жана куюлушкан нуска кеп… Макалдар – калктын акыл казынасы. Андан ар бир атуул чөмүчтөп сузуп алып, урунууга тийиш. Бул – каалаcаң да, каалабасаң да, аткарылчу жумуш. Сенин жарандык парзың» [3., 352].

"Макал –текст" деген окумуштуулар да бар. [4., 72].

«Макал. (Пословица) Ар түрдүү турмуштук көрүнүштөр жөнүндө кыскача, элестүү, так айтылган элдик оозеки чыгармалардагы жанрдын бир түрү макал деп аталат. [5., 572]. Кыргыз адабият таануу илиминин көрүнүктүү өкүлдөрү К. Асаналиев менен Р. Кыдырбаеванын макалдарды элдик оозеки чыгармалардагы жанрдын бир түрү катары аныктагандары макалдарды сабакта колдонууда эске алынышы керек деп эсептейбиз.

«Макал менен лакап адамдардын биргелешкен аракетинин жыйынтыгын муундан-муунга өткөрүп берүүдө чоң мааниге ээ, алар маданияттын негизинде жаткан элдин рухий баалуулуктарынын өзүнчө эле бир системасын түзүп турат. Булар, бир жагынан, тилдик көрүнүш болсо, экинчи жагынан, логикалык бирдиктер (ой жүгүртүүлөр жана корутундулар), үчүнчүдөн, кадимки турмуштун фактыларын ачык, так формада чагылдырган миниатюралар» [6., -65].

С.Ибрагимовдун аныктамасында макалдын лингвистикалык табияты гана ачылбастан, ага логика жана адабият таануу илимдеринин өңүтүнөн да көңүл бурулган. Тагыраак айтканда, "макал – логикалык бирдик", "макал – көркөм миниатюра" катары каралышы маанилүү тыянак болуп саналат.

«Эл өзү жаратып, укумдан-тукумга таратып, жаш муундун акыл-эсин өстүрүүдө, көркөм эстетикалык табитин калыптандырууда кеңири колдонулуп келген эң бай мурастардын бири – макал-лакаптар. Эл адабиятынын башка түрлөрүнөн макал-лакаптар өтө кыскалыгы, көркөмдүүлүгү жана тактыгы, үйрөнүп алууга жеңилдиги, жаратылыштын кубулуштары менен адамдын бири-биринин ортосундагы мамилелер жөнүндө өтө так маалымат бергендиги менен айырмаланат» [5., 4].

«Макал – адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы болгон макалдар дээрлик дүйнөнүн бардык элине таандык болуп саналат, а түгүл айрым макалдардын мааниси окшош келет» [7., 85]. Эгерде профессор К. Асаналиев менен Р. Кыдырбаева макалды элдик оозеки чыгармалардагы «жанрдын бир түрү» катары конкреттүү белгилешсе, профессор А. Муратов ж.б. аларды жалпылаштырып «фольклордук чыгармалар» катары карашат.

Макалдар бир эле доордун жемиши эмес. Макалдар ички мазмуну, мааниси жагынан коомдук турмушту ар тараптан камтып, жашоодогу түрдүү карым-катнашты өткүр, көркөм сүрөттөп олтурат. Тек гана көркөм сүрөттөө эмес, макал – элдин философиясы, тарыхы жана тарбия куралы.

Мына ушу сыяктуу макалга тиешелүү негизги түшүнүктөрдү кыргыз тили мугалими өзү жакшы түшүнүп, макалдарды сабакта орундуу, максаттуу колдонуусу тилди ар түрдүү ык-амалдар менен окутуу ишинде абдан маанилүү деп эсептейбиз.

Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан соңку талаптар тууралуу жаңыдан иштелип чыккан «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун предметтик стандартында (5-9, 10-11-класстар) так жана конкреттүү маалыматтар берилген. Эне тилин 5-9-класстарда окутуунун максаты **– «Окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү,**

**кыргыз тилинин байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү пайдаланууга, кеп маданиятынын нормаларын сактоого үйрөтүү» болсо, 10-11-класстарда окутуунун максаты – «окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн, баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө кеп маданиятын мыкты колдонууга, көп тилдүү, көп маданияттуу коомдо тилдик-маданий баалуулуктарды барктоого көнүктүрүү».**

Аталган максаттарды ишке ашыруу үчүн кыргыз тили сабагынын мазмунуна, аны окутууга олуттуу өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү зарыл. Кыргыз тилин окутуу тилдин грамматикасын, ал аркылуу окуучунун сүйлөөсү менен жазуусун өнүктүрүүнүн алкагынан чыгып, келечек муундун эртеңки бүтүндөй жашоо-турмушуна, ишмердигине керектүү болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырууну биринчи орунга койду. Мындай өзгөчө, маанилүү максатты турмушка ашырууда, тилдин өзгөчө байлыгы болгон макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуу маселеси ашкере актуалдуулукка ээ болду.

Бул маселенин маани-маңызын, макалдарды кыргыз тили сабагында окутуунун ордун, кызматын мыкты көрө билген Кыргыз эл мугалими Бектур Исаков бардык мугалимдерге кеңеш берип, үлгү болуучу эки бөлүктөн турган «Санат сөз» топтомдорун [8., 1-бөлүк. Б., Учкун, 2005, -312 б; 2-бөлүк, – Б., Учкун. 2005, -288 б.]. ар бирин 2000 нускада жарыкка чыгарды. Жаңычыл мугалим топтомдун экинчи бөлүгүндө: «Баарынан мурда санат сөз жөнөкөй адамга эмне үчүн керек? - деген суроо коюп, ага : **«Ал угуучуну ынтаа менен тыңшатуу, ойдун сулуулугу менен таасир этүү, таң калтыруу жана тез кабыл алдыруу үчүн керек. Санат сөз – укканды ырахат алдырган, улам-улам уккусун келтирген канаттуу кеп.** Аны менен акыл айтылып, тарбия берилет, эмне жаман, эмне жакшы экендиги, жашоо, адам, жаратылыш, заман санатталат» – деп түшүндүрмө-жооп берген [9., 6-7].

Жогорку маалыматтардан улам "**кыргыз макалын кыргыз тили сабагында кандай максаттарда колдонсо болот**?" – деген суроо туулат. Биздин оюбузча, алар төмөнкүлөр:

**1. Кыргыз макалын орто мектепте окуучу кыргыз тили сабагынын мазмуну катары кароого болот.** Мисалы, элибизде: "Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө," - деген макал кеңири тараган. Тилекке каршы, бул макалда камтылган маани-маңызга анчейин көңүл бурулбай келет. **Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты окуучулардын сүйлөө ишмердигин (демек, сүйлөөсүн) өркүндөтүү деп белгилейбиз. Ошондуктан** да, **сүйлөөнүн ойлоо, ой жүгүртүү менен болгон карым-катыш байланышын окутуу процессинде толук ачып түшүндүрүү өзгөчө маанилүү**. "Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө," - деген макал мына ушул байланышты кыска, бирок нуска көрсөтүп турганын таанууга милдеттүүбүз. **Демек, ушул өңдүү макалдар окутуунун мазмуну боло алат**. Анткени жогорку сыяктуу макалдарда элдик тил илиминин (этнолингвистиканын) негизги жоболору чагылдырылган.

**2. Макалдар кыргыз тилин окутуунун каражаты боло алат.** Бул функцияда макалдар алгачкы окуу китептеринен (И.Арабаев, К. Тыныстанов) тартып колдонулуп келе жатат. Макалдар кыргыз тилин окутуунун каражаты катары көп кырдуу кызмат аткарарын эстен чыгарбоо зарыл. Маселен, мисал катары келтирилген макал бир эле учурда окуучунун тилдик сезүү-туюмун, тилдик табитин калыптандырууга, кыргыз тилинин ой туюндуруу өзгөчөлүктөрүн билүүгө, ошол эле мезгилде макал окуучунун ой жүгүртүүсүнө таасирин тийгизип, турмуштун тиги же бул көрүнүшү боюнча анын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, дүйнө көз карашын, дүйнө түшүнүгүн жаратууга көмөкчү болот. Мындан сырткары макалдар жана анда ары эстетикалуу, ары көркөм, ары философиялуу туюндурулган ойлор, информациялар аркылуу окуучулар өз элинин улуттук рухий дөөлөттөрүн, улуттук баалуулуктарын таанып билүүгөө мүмкүнчүлүк ала алышат.

**3. Макалдарды белгилүү бир информацияны туюндурган көркөм текст катары сабакта колдонсо болот.** Мында макалды талдоо, ал боюнча өз пикирин билдирүү, турмуштагы маанисин чечмелөө, өз алдынча текст түзүү сыяктуу иштер жүргүзүлөт. Кыргыз тили сабагында макалдарды максаттуу жана натыйжалуу колдонуу үчүн, мугалим, адегенде, макалдын адабият таануу менен тил илиминде изилдениши тууралуу, аларды пайдалануу боюнча педагогикалык, этнопедагогикалык эмгектер, практикалык иш-аракеттер тууралуу да толук тааныш болуу талабы коюлат. Мугалим макалдардын илимий-теориялык, педагогикалык жактан иликтенип, иштелишин билүүсү, аларды кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык-методологиялык негиздерин түшүнүүсү керек. [10., 55.].

Макалдарды белгилүү бир информацияны туюндурган көркөм текст катары сабакта колдонуу көп артыкчылыктарга ээ. Анткени макалдар кыргыз элинин көркөм дүйнөсүн, көркөм-эстетикалык эс тутумун да чагылдырган универсалдуу чыгармалар болуп саналат. Ошондуктан макалдарга тилдик, этнолингвистикалык, этноэтикалык, энтномаданий, этнопсихологиялык, коммуникативдик, философиялык, көркөм-эстетикалык, этноэстетикалык, этнопедагогикалык жана башка өңүттөн мамиле кылып, ар тараптуу иликтөө чоң мааниге ээ. Макалдарды жогоркудай көп өңүттөн иликтөө окуучулардын бай тилдик дүйнө таанымын жаратат, алардын эмоционалдык дүйнөсүн туура багытта калыптандырууга салымын кошо алат.

Нечен кылымдар бою түзүлүп, калыптанып келген кыргыз улутунун рух көрөңгөсүн боюна сиңирген жана учур талабына ылайык санарип коомунун талаптарына да ылайыкташкан, кенен, ийкемдүү, чыгармачыл ой жүгүртө алган, ар тараптан өнүккөн, заман талабына шайкеш окуучуларды тарбиялоодо макалдар чоң көмөк көрсөткөн универсалуу, көөнөргүс педагогикалык дөөлөттөр болуп саналат деп ойлойбуз. Ошондуктан кыргыз макалын кыргыз тили сабагында колдонуу максаттары ар түрдүү жана кенен.

**Адабияттар:**


1. Шералиева, А.Ж. Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (V-VI класстардын мисалында): пед. илим. ... канд. дис. автореф. – Бишкек, 2014. – 22 б.
2. Кыргыз макал-лакаптары / түз. ж-а баш сөзүн жазган Ш.Усупбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 224 б.
3. Исаков, Б. Кыргыз тили: VII-IX кл. үчүн. – Бишкек: Педагогика, 2002. – 352 б.
4. Маразыков Т. С. Текст: маалымат алмашуунун негиздери Б., 2014.
5. Кыдырбаева, Р. З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек: [Б-сыз], 2004. – 572 б.
6. Ибрагимов, С. Лингвокультурология-тилдик маданият таануу: тарыхы ж-а теориялык негиздери. – Бишкек: [Б-сыз], 2004. – 117 б.
7. Муратов, А. Адабият-ыйман сабагы. – Бишкек: Мектеп, 2014. – 85 б.
8. Исаков, Б. Санат сөз: окуучунун китеп текчесине. – Бишкек: Учкун, 2005. – I бөлүк. – 312 б.; II бөлүк. – 288 б.
9. Исаков, Б.Сабат санжырасы. – Бишкек: Мектеп, 1993. – 192 б.
10. Иманакунова К.Ш. Кыргыз макалын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикасы.